№13-УИ 09.02.2026ж.

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ М. М. АДЫШЕВ АТЫНДАГЫ ОШ ТЕХНОЛОГИЯЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ** | **МИНИСТЕРСТВО НАУКИ, ВЫСШЕГО ОБРАЗОВАНИЯ И ИННОВАЦИЙ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ ОШСКИЙ ТЕХНОЛОГИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ ИМЕНИ М. М. АДЫШЕВА** |

# Б У Й Р У К
# П Р И К А З

Ош шаары

**Жумушту топ түзүү жөнүндө**

Ош технологиялык университетинин профессордук-педагогикалык курамынын публикациялык активдүүлүгүн жогорулатуу жана Scopus, Web of Science, РИНЦ, Google Scholar базалары менен иштөөнү системалуу уюштуруу максатында "Илимий макала активдүүлүгүн жогорулатуу жана индекстелүүчү илимий базалар менен иштөө боюнча" төмөндөгүдөй жумушчу топ түзүлсүн:

**Жумушчу топтун курамы:**

1. **Төрага:**
   Илим жана инновациялар боюнча проректор – Танаков Н.Т.
2. **Төраганын орун басары:**
   Илим,инновация жана кошумча билим берүү бөлүмүнүн башчысы – Исраилова Г.С.
3. **Катчы:**
   Илим,инновация жана кошумча билим берүү бөлүмүнүн жектектөөчү адиси –Шерова А.
4. **Мүчөлөр:**

Документ электрондук кол тамга менен тастыкталган
Буйрук ОшТУ 28.08.2024 09-04/454

- Университеттин китепканасынын директору (электрондук ресурстар боюнча) – Курбанбай кызы А.
- Санариптик инновациялар бөлүмүнүн башчысы – Бокоев К.А.
- Билим берүүнүн сапаты, аккредитация жана лицензиялоо бөлүмүнүн башчысы – Азимова А.А.
- PhD докторантура жана аспирантура бөлүмүнүн башчысы –Маметова Г.А.
- Эл аралык байланыштар бөлүмүнүн башчысы –Аккожоева А.К.
- Энергетика жана транспорт институту - Касымалиев Б.М.
- Инновациялык маалымат технологиялар институту - Турдубаева Ж.А.
- Экономика жана башкаруу институту - Мазирбаев К.К.
- Технология жана жаратылышты пайдалануу институту - Райымкулов А.А.
- Эл аралык мамилелер, укук жана билим берүү институту - Алимжан кызы Ж.
- Архитектура жана курулуш институту - Кошмамат уулу К.
- Табигый-гуманитардык илимдер борбору - Саттарова А.Т.

**Негизи:** ИжИ боюнча проректор Н.Т. Танаковдун билдирүүсү, УИБнын башчысы Ч.Ө. Камаловдун макулдугу, ректордун электрондук кол тамгасы

**Ректор** **Турсунбаев Ж.Ж.**

**Бекитүү баракчасы**

**Демилгечи: Кульматова Сырга Абдимиталовна (Гл.специалист)**
**Документ №13-УИ 09.02.2026ж.**

| № | Аты-жөнү (Кызматы) | Резолюция | Күнү | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Маразаков Шавкат Адылбекович (Заведующий) | Согласован | 09.02.2026 | |
| 2 | Турсунбаев Жанболот Жанышович (Ректор, профессор ОшТУ) | Утвержден | 09.02.2026 | |
| 3 | Кульматова Сырга Абдимиталовна (Гл.специалист) | Ознакомлен | 09.02.2026 | |
| 4 | Коргонова Айчүрөк Курбанакуновна (Секретарь) | Ознакомлен | 10.02.2026 | |

Документ электрондук кол тамга менен тастыкталган
Буйрук ОшТУ 28.08.2024 09-04/454

| “МАКУЛДАШЫЛДЫ” | “БЕКИТЕМИН” |
|---|---|
| Илим жана инновация боюнча проректору, профессор Т. Н. Танаков | Ош технологиялык университетинин ректору, профессор Ж. Ж. Турсунбаев |
| “10” февраля 2026-ж | “10” 02 2026-ж |

**Ош технологиялык университетинин профессордук-окутуучулук курамынын публикациялык активдүүлүгүн жогорулатуу жана эл аралык илимий базаларга интеграциялоо боюнча жумушчу топтун иш планы.**

Жумушчу топ университеттин профессордук-окутуучулук курамынын илимий-публикациялык активдүүлүгүн стратегиялык деңгээлде өнүктүрүүгө, эл аралык илимий мейкиндикке интеграциялоого жана Scopus, Web of Science, РИНЦ, Google Scholar сыяктуу индекстелүүчү базаларда жарыялануучу илимий иштердин сапатын жана санын жогорулатууга багытталган системалуу иш-аракеттерди жүзөгө ашырат.

**Жумушчу топ төмөнкү негизги милдеттерди аткарат:**

1. Университеттин профессордук-окутуучулук курамы үчүн Scopus, Web of Science, РИНЦ жана Google Scholar эл аралык илимий маалымат базалары боюнча үзгүлтүксүз семинарларды жана практикалык сабактарды уюштуруу (журналдарды издөө, индексация деңгээлин аныктоо, квартилдер, көрсөткүчтөр жана жарыялоого коюлган талаптар).
2. Авторлордун жеке илимий идентификациясын камсыз кылуу максатында ORCID, Scopus Author ID, ResearcherID жана Google Scholar профилдерин түзүү, актуалдаштыруу жана туура жүргүзүү боюнча методикалык жана практикалык консультацияларды берүү.
3. Илимий журналдарды тандоо маданиятын калыптандыруу, алардын индексациясын текшерүү жана predatory (фейк, сапатсыз) журналдардан сактануу боюнча окутуу иштерин жүргүзүү.
4. Илимий макалаларды даярдоонун эл аралык стандарттарына ылайык методикалык колдоо көрсөтүү (IMRAD структурасы, илимий аннотацияны жазуу, ачкыч сөздөрдү тандоо, шилтемелерди жана цитаталарды туура берүү).

5. Макалаларды эл аралык журналдарга жөнөтүү процессин толук коштоп жүрүү (submission системалары менен иштөө, cover letter даярдоо, рецензенттердин сын-пикирлерине жооп берүү жана оңдоолорду киргизүү).

6. Илимий иштерде адабияттар менен иштөөнү жеңилдетүү максатында библиографиялык менеджерлерди колдонуу боюнча окутуу (Mendeley, Zotero, EndNote программалары аркылуу автоматтык шилтеме жана адабият тизмесин түзүү).

7. Академиялык адеп-ахлак нормаларын сактоо, плагиаттын алдын алуу жана эл аралык COPE стандарттарына ылайык туура цитаталоо боюнча тренингдерди өткөрүү.

8. Университеттин илимий багыттарына ылайык сунушталган журналдардын электрондук базасын түзүү (кафедралар жана институттар боюнча бөлүнүп, квартилдери жана талаптары көрсөтүлөт).

9. Университеттин публикациялык активдүүлүгүнө туруктуу мониторинг жүргүзүү (кафедралар боюнча макалалардын саны, Q1–Q4 бөлүштүрүлүшү, цитаталардын саны, h-index көрсөткүчтөрү).

10. Профессордук-окутуучулук курам үчүн публикациялык активдүүлүктү жогорулатууга багытталган комплекстүү **«Жол картасын»** иштеп чыгуу (окуу жылына коюлган максаттар, KPI көрсөткүчтөрү, семинарлардын графиги жана публикациялык пландар).

**Жумушчу топтун ишмердүүлүгү туруктуу негизде жүргүзүлүп, жыл сайын талдоо жана жаңылоо аркылуу өркүндөтүлүп турат.**

**Жумушчу топтун 2026-жылга карата иш-планы.**

1. **10–14-февраль 2026-ж.** Жумушчу топтун курамын бекитүү, жооптуу координаторду дайындоо жана иштин календарлык графигин түзүү.

2. **26-февраль 2026-ж.** Семинар №1: *«Scopus жана Web of Science: негизги түшүнүктөр, квартилдер жана баалоо көрсөткүчтөрү».*

3. **17-март 2026-ж.** Семинар №2: *«ORCID, Scopus Author ID, ResearcherID: илимий профилди түзүү жана туура жүргүзүү».*

4. **26-март 2026-ж.** Семинар №3: *«Илимий журналдарды тандоо: индексацияны текшерүү жана predatory журналдардан сактануу».*

5. **15-апрель 2026-ж.** Семинар №4: *«Илимий макаланын түзүлүшү (IMRAD), аннотация жана ачкыч сөздөрдү сапаттуу даярдоо».*

6. **30-апрель 2026-ж.** Семинар №5: *«Макаланы журналга жөнөтүү: submission, cover letter жана peer-review процесси».*

7. **08-сентябрь 2026-ж.** Тренинг: *«Mendeley жана Zotero: адабият тизмесин автоматтык түзүү».*

8. **22-Октябрь 2026-ж.** Тренинг: *«Академиялык этика, плагиат жана туура цитаталоо (COPE стандарттары)».*

9. **12–16-декабрь 2026-ж.** Кафедралар боюнча публикациялык активдүүлүккө талдоо жүргүзүү жана жылдык аналитикалык отчет даярдоо.

10. **25-декабрь 2026-ж.** Жыйынтык жыйын: аткарылган иштер боюнча отчет берүү жана 2027- жылга карата публикациялык **«Жол картасын»** бекитүү.

Бул иш-чаралар комплекси университеттин илимий-публикациялык маданиятын жаңы сапаттык деңгээлге көтөрүүгө багытталган системалуу кадам болуп саналат. Жумушчу топтун ишмердүүлүгү профессордук-окутуучулук курамдын эл аралык илимий талаптарга ылайык макала даярдоо жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө, сапаттуу журналдарды тандоо маданиятын калыптандырууга жана академиялык этиканын принциптерин бекем сактоого өбөлгө түзөт.

Аталган иш-планды ырааттуу жана максаттуу ишке ашыруу натыйжасында университеттин Scopus жана Web of Science базаларындагы публикацияларынын саны жана сапаты жогорулап, цитаталануу көрсөткүчтөрү өсөт, кафедралар/ББП жана институттар боюнча илимий көрсөткүчтөрдүн туруктуу оң динамикасы камсыздалат.

**Илим,инновация жана кошумча билим берүү**
**бөлүмүнүн башчысы** **Исраилова Г.С.**